**«Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2027-жылга жана 2028-2029-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна**
**ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ**

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 47-беренеси менен бекитилген жарандардын акысыз медициналык тейлөөгө болгон конституциялык укуктарын, ошондой эле мамлекет тарабынан кепилденген көлөмдө жеңилдетилген шарттарда медициналык тейлөөгө болгон укуктарын камсыз кылуу максатында түзүлгөн.

Медициналык камсыздандыруу - бул Кыргыз Республикасында сапаттуу медициналык, алдын алуу жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү камсыз кылуучу социалдык жактан коргоо боюнча иш-чаралардын системасы.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренесине ылайык, медициналык камсыздандыруу – бул Кыргыз Республикасында жарандардын социалдык жактан корголушун камсыздоого багытталган иш-чаралар системасы болуп эсептелет, ал жарандардын сапаттуу медициналык, профилактикалык жана башка кызматтарды алуусун камсыз кылат.Ошону менен бирге, милдеттүү медициналык камсыздандыруу мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун түзүмдүк бөлүгү болуп эсептелет жана Кыргыз Республикасынын бардык жарандарына медициналык жана дары-дармек жардамын алуу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Бул жардам милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынын эсебинен (мындан ары – ММК), мамлекеттик медициналык камсыздандыруу программаларына ылайык белгиленген көлөмдө жана шарттарда көрсөтүлөт.

Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы № 493 токтому менен бекитилген «Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы жөнүндө» токтомго ылайык кабыл алынган (мындан ары – Мамлекеттик кепилдиктер программасы) жана ал жарандардын акысыз жана жеңилдетилген шарттарда медициналык жардам алуу укуктарын ишке ашыруунун натыйжалуу механизмдеринин бири болуп саналат. Мамлекеттик кепилдиктер программасынын маанилүү шарты – медициналык жардам көрсөтүү боюнча мамлекеттик милдеттенмелердин туруктуулугун жана каржылоо булактарынын, тактап айтканда республикалык бюджеттин, милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынын жана калктын

кошумча төлөмдөрүнүн ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылуу болуп эсептелет.

Учурда Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (мындан ары – ММКФ) милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен камсыздандырылган калкка медициналык-санитардык жана фармацевтикалык кызматтарды көрсөткөн саламаттык сактоо уюмдары менен эсептешүүлөр боюнча каржылоочу орган болуп саналат.

2026-жылы ММК фонду тарабынан Мамлекеттик кепилдиктер программасын ишке ашыруу үчүн Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген 139 мамлекеттик саламаттык сактоо уюму менен келишимдер түзүлгөн. Алардын катарында:

- 26 үй-бүлөлүк медицина борбору, анын ичинде 712 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу (ҮДТ) жана 1053 фельдшердик-акушердик пункттар (ФАП) камтыган;
- 57 жалпы дарыгердик практика борбору;
- Бишкек шаарындагы 5 төрөт үйү жана 6 балдар ооруканасы;
- 31 стационардык мекеме;
- 9 кургак учукка каршы ооруканасы жана 5 психиатриялык ооруканасы бар.

Мындан тышкары, жеңилдетилген шарттарда дары-дармектерди камсыздаган 179 фармацевтикалык жеткирүүчү (1080 дарыкана пункту) иш алып барууда.

ММК Фондунун бюджети социалдык жактан коргоого муктаж болгон жарандар категориялары үчүн милдеттүү медициналык камсыздандырууга республикалык бюджеттен каралган каражаттардын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети карамагындагы Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан ары – Социалдык фонд) бюджетинен өткөрүлүп берилүүчү милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн, милдеттүү медициналык камсыздандыруу полистерин (мындан ары – полистер ОМС) камсыздандырылбаган жарандар тарабынан сатып алуу жолу менен түшкөн каражаттардын жана башка кирешелердин эсебинен түзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2027-жылга жана 2028-2029-жылдарга пландалган мөөнөткө карата бюджети жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору (мындан ары – Мыйзам долбоору) Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарына ылайык даярдалган жана Кыргыз Республикасынын камсыздандырылган жарандарын сапаттуу медициналык жана профилактикалык жардам менен кепилденген камсыздоонун ачыктыгы жана түшүнүктүүлүгүн камсыз кылуу максатында иштелип чыккан.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети боюнча параметрлери Кыргыз Республикасынын 2027-жылга жана 2028–

2029-жылдарга болжолдонгон социалдык-экономикалык өнүгүү прогнозунун негизинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан саламаттык сактоо жана медициналык камсыздандыруу тармагындагы мамлекеттик максаттуу программаларды жана иш-чараларды аткаруу боюнча кабыл алынган чечимдерди эске алуу менен эсептелди.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2027-жылга бюджетинин жана 2028–2029-жылдарга пландык мезгилинин көрсөткүчтөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык эсептелген. Алар стационардык кызмат көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарында Бирдиктүү төлөөчү системасы боюнча акыркы үч жылдагы дарыланган учурлардын орточо пландалган көрсөткүчүнөн – 944 277 учурду түзөт жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Электрондук саламаттык сактоо борборуна катталган калктын маалымат базасынын 2026-жылдын 25-мартына карата маалыматы боюнча Үй-бүлөлүк медицина борборлоруна жана Үй-бүлөлүк дарыгерлер топторуна катталган жарандардын санынын негизинде эсептелген, Республиканын жалпы калкынын саны – 6 850 876 адам, алардын ичинен камсыздандырылган калктын саны – 4 889 337 адамды түзөт.

2026-жылга карата дарыланган учурлар боюнча болжолдуу пландык көрсөткүчтөр – 944 277 учурду камтыйт, анын ичинде:

- 737 509 учур жалпы профилдеги стационарлар үчүн;
- 22 033 учур адистештирилген саламаттык сактоо уюмдары үчүн (онкология, гематология, кардиохирургия, кургак учукка каршы жана психиатрия);
- 108 884 учур дени сак жаңы төрөлгөн балдар үчүн;
- 75 801 учур балдардын кыска мөөнөттүү жайгашуу бөлүмдөрү жана шашылыш медициналык жардам бөлүмү.

## ММК фондунун 2027-жылга бюджетинин жана 2028-2029-жылдарга пландык мезгилинин КИРЕШЕ БӨЛҮГҮ

ММК фондунун 2027-жылга бюджетинин жана 2028-2029-жылдарга пландык мезгилинин Киреше бөлүгү Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексине, «Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык камсыздандыруу жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосун каржылоонун Бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө», «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык болжолдонду.

Мыйзам долбоорунда Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин болжолдуу жалпы кирешеси төмөнкүчө түзүлгөн:

- 2027-жылга – 12 863 307,8 миң сом (бул 2026-жылга бекитилген киреше көлөмүнө салыштырмалуу 2 523 204,2 миң сомго же 19,8 % га көп);
- 2028-жылга – 13 572 084,8 миң сом (бул 2027-жылга болжолдонгон кирешеге салыштырмалуу 708 776,9 миң сомго же 5,5%га көп);
- 2029-жылга – 14 246 195,3 миң сом (бул 2028-жылга болжолдонгон кирешеге салыштырмалуу 674 110,6 миң сомго же 5,0%га көп).

ММК фондунун 2027-жылга бюджетинин жана 2028-2029-жылдарга божомолунун долбоорунун негизги параметрлери ММК фондунун 2026-жылга карата бюджетинин жана аны аткаруунун күтүлүүчү параметрлери менен салыштыруу төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн:

(миң сом менен)

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2026-жыл | | 2027-жыл | Болжол | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Бекитилген бюджет | Такталган бюджет | Долбоор | 2028-ж (болжол) | 2029-ж. (болжол) |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **Бардык кирешелер:** | **10 737 596,0** | **13 728 916,0** | **12 863 307,8** | **13 572 084,8** | **14 246 195,3** |
| ММК фондунун башка кирешелери | 700 000,0 | 740 000,0 | 800 000,0 | 900 000,0 | 1000 000,0 |
| Социалдык жактан жеңилдик берилген катмарга карата камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо үчүн республикалык бюджеттен алынган каражаттар | 2 057 870,4 | 2 278 881,8 | 2 057 870,4 | 2 057 870,4 | 2 057 870,4 |
| КР СФнын бюджетинен берилүүчү каражаттар | 6 503 418,2 | 7 637 920,3 | 8 399 303,4 | 8 875 138,8 | 9 378 422, 4 |
| Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн келип түшкөн каражаттар | 950 954,5 | 1 985 611,2 | 1 008 867,6 | 1 039 133,6 | 1 070 307,6 |
| Жыл башына карата калдык | 525 352,9 | 1 086 502,7 | 597 266,4 | 699 942,0 | 739 594,9 |

ММК Фондунун бюджетинин киреше бөлүгүн түзүүчү булактар болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- социалдык жактан жардамга муктаж болгон жарандардын категориялары үчүн ММКга төгүм катары республикалык бюджеттен ММК Фондунун бюджети үчүн өткөрүлүп берилүүчү каражаттар;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча мыйзамдарына ылайык төгүм төлөөчүлөр тарабынан төлөнүүчү ММК боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү түрүндө Социалдык фонддун бюджетинен өткөрүлүп берилүүчү каражаттар;
- ММК боюнча камсыздандырылбаган адамдар тарабынан ММК полистерин сатып алуу аркылуу түшкөн каражаттар;

- ММК Фондунун бюджетинин каражаттарын мыйзамсыз же багыты боюнча эмес пайдалануунун натыйжасында, ошондой эле соттун чечимдерине ылайык келтирилген зыяндын ордун толтуруу суммаларын кошо алганда, материалдык, административдик жана кылмыш-жаза жоопкерчилигин колдонуу аркылуу алынган башка кирешелерден түшкөн каражаттар.

2027-жылга карата ММК Фондунун бюджетинин киреше бөлүгүнүн түзүмүндө Социалдык фонддун бюджетинен өткөрүлүп берилүүчү каражаттар ММК Фондунун жалпы кирешелеринин 65,3 %ын же 8 399 303,4 миң сомду түзөт, республикалык бюджеттен өткөрүлүп берилүүчү каражаттар – 16,0 % же 2 057 870,4 миң сом, башка түшүүлөр – 6,2 % же 800 000,0 миң сом, саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлгөн медициналык кызматтар үчүн калктан түшкөн кошумча төлөмдөр – 7,8 % же 1 008 867,6 миң сомду түзөт.

«Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык милдеттүү медициналык камсыздандыруу төлөмдөрү республикалык бюджеттин каражаттарынан катталган калк үчүн жылына 1,5 эсептик көрсөткүчтөн кем эмес өлчөмдө төмөнкү категорияларына төлөнөт:

- калкты жумуш менен камсыз кылуунун мамлекеттик кызматында расмий катталган жумушсуз жарандар үчүн;
- пенсионерлер үчүн, анын ичинде аскер пенсионерлерине;
- бала кезинен майыптарга жана социалдык жөлөкпулдарды, милдеттүү медициналык камсыздандыруу төгүмдөрүн алуучуларга;
- он алты жашка толо элек балдар (жалпы билим берүүчү мекемелердин окуучулары үчүн - алар окуусун бүткөнгө чейин, бирок алар он сегиз жашка толгонго чейин гана), баштапкы кесиптик билим берүүчү окуу жайларынын окуучулары, орто жана жогорку кесиптик окуу жайларынын студенттери үчүн - алар жыйырма бир жашка толгонго чейин (сырттан же кечки бөлүмдөн окугандардан башка);
- мөөнөттүү кызмат өтөгөн аскер кызматчылары, офицерлер, прапорщиктер, мөөнөттөн тышкары кызмат өтөгөн аскер кызматчылары, аял-аскер кызматчылары үчүн.

Социалдык жактан жардамга муктаж болгон жарандардын катмары үчүн милдеттүү медициналык камсыздандырууга республикалык бюджеттен түшүүчү каражаттар боюнча 2027-жылга карата болжолдуу кирешелердин жалпы көлөмү 2 057 870,4 миң сомду же болжолдуу жылдык кирешелердин жалпы көлөмүнүн 16,0 %ин түзөт. Ал эми 2028 жана 2029-жылдарга карата бул көрсөткүч 2027-жылдагы деңгээлде сакталганы пландалууда.

Социалдык фонддун бюджетинен ММК Фондунун бюджетине өткөрүлүп берилүүчү каражаттын көлөмү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча мыйзамдарына ылайык

камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөр тарабынан төлөнгөн милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшкөн көлөмүнө барабар өлчөмдө каралган.

Социалдык фонддун бюджетинен ММК Фондуна которулчу каражаттардын көлөмү Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүү прогнозуна ылайык, эмгек акы фондуна жараша, ММК Фондунун бюджетинин кирешесине түшкөн иштеген калктын төлөгөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасынын негизинде эсептелет.

Ошентип, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети боюнча Социалдык фонддон которулган камсыздандыруу төгүмдөрүнөн түшүүчү жалпы киреше көлөмү 2027-жылга болжолдонгон сумма катары 8 399 303,4 миң сом (жалпы болжолдонгон жылдык кирешенин 65,3%ын түзөт жана 2026-жылга бекитилген деңгээлден 1 895 885,2 миң сомго көп) каралган, 2028-жылы бул сумма – 8 875 138,8 миң сом деп пландалган, бул 2027-жылга салыштырмалуу 475 835,4 миң сомго өсүү, 2029-жылы болсо – 9 378 422,4 миң сом түзүп, 2028-жылга салыштырмалуу 503 283,6 миң сомго өсүү күтүлүүдө.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен камтылбаган жарандар милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн ММК полистерин сатып алуу жолу менен төлөшөт.

ММК полистерин сатуу ММК Фонду тарабынан бекитилген ММК полисинин баасын эсептөөнүн ыкмаларынын негизинде белгиленген баада жүргүзүлөт. Азыркы учурда камсыздандырылбаган жарандар үчүн ММК полисинин баасы 12 календардык айга мөөнөтү менен 1 840 сомду түзөт. Ошондой эле, чет өлкөлүк жарандар үчүн ММК полисинин баасы 6 календардык айга мөөнөтү менен 5 955 сомду, 12 календардык айга мөөнөтү менен 11 910 сомду түзөт.

2027-жылга ММК Фондунун бюджетине ММК полистерин сатуудан жана башка кирешелерден түшө турган жалпы сумма болжолдонгон өлчөмдө 800 000,0 миң сомду, 2028-жылга – 900 000,0 миң сомду, 2029-жылга – 1000 000,0 миң сомду түзөт.

## ММК фондунун 2027-жылга бюджети жана 2028-2029-жылдарга божомолунун ЧЫГАША БӨЛҮГҮ

ММК фондунун 2027-жылга бюджетинин жана 2028–2029-жылдарга пландалган мезгилге карата чыгашалык милдеттенмелери «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын коргоо жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында каралган саламаттык сактоо системасынын жана милдеттүү медициналык камсыздандыруунун стратегиялык максаттарын камсыз кылат.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2027-2029-жылдарга карата бюджетинин чыгашалары орто мөөнөттүү мезгилге пландалган киреше булактарынын күтүлгөн түшүүлөрүн эске алуу менен түзүлүп, 2027-жылга 12 863 307,8 миң сом, 2028-жылга – 13 572 084,8 миң сом, 2029-жылга – 14 246 195,3 миң сом көлөмүндө болжолдонууда.

| **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **2026 год** | | **2027 год** | **Болжол** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Бекитилген бюджет** | **Такталган бюджет** | **Долбоор** | **2028 год (болжол)** | **2029 год (болжол)** |
| **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** |
| **Кирешелер баардыгы** | **10 737 596,0** | **13 728 916,0** | **12 863 307,8** | **13 572 084,8** | **14 246 195,3** |
| Амбулатордук кызматтар | 3 507 455,6 | 4 903 221,0 | 4 127 275,2 | 4 386 867,3 | 4 631 640,3 |
| Ооруканалардын кызматтары | 5 460 775,0 | 7 210 983,5 | 6 529 121,9 | 6 925 653,9 | 7 300 051,1 |
| Жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо | 710 286,1 | 407 320,8 | 816 829,1 | 816 829,1 | 816 829,1 |
| Саламаттык сактоо уюмдарынын материалдык-техникалык жабдууларын жакшыртуу | 195 000 | 195 000 | 237 000,0 | 250 000,0 | 263 000,0 |
| ММК Фондунун ишмердүүлүгүн каржылоо | 322 127,8 | 375 897,3 | 453 139,6 | 453 139,6 | 453 139,6 |
| Камсыздандыруу резервдик каражаттары | 541 951,5 | 636 493,4 | 699 942,0 | 739 594,9 | 781 535,6 |

Камсыздандырылган калкка медициналык-санитардык кызмат көрсөтүүлөр үчүн саламаттык сактоо уюмдарына өз убагында төлөм жүргүзүүнү, ММК каражаттарын натыйжалуу пайдаланууну жана Мамлекеттик кепилдиктер программасын нормативдик деңгээлде каржылоону камсыз кылуу максатында, ММК фондунун милдеттенмелери төмөнкүдөй болжолдуу каржылоо нормативдеринин негизинде эсептелген:

- ММК программасы боюнча камсыздандырылган жарандар үчүн стационардык шарттарда көрсөтүлгөн медициналык жардамдын дарыланган учурларына төлөнүүчү базалык ченем 6 084,85 сомду түзөт;

- камсыздандырылган жарандар үчүн үй-бүлөлүк дарыгерлер топторун каржылоонун жан башына карата ченеми 760,23 сом өлчөмүндө.

2026-жылга карата ММК Фондунун бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн түзүмүндө эң чоң үлүштү ММК Фондунун аймактык башкармалыктары менен түзүлгөн келишимдердин негизинде калкка медициналык, алдын

алуу жана фармацевтикалык кызматтарды көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарынын чыгашалары түзөт.

Саламаттык сактоо уюмдары жана фармацевтикалык жабдуучулар менен эсептешүүлөр үчүн 2027-жылга карата чыгашалардын болжолдуу көлөмү 10 464 358,8 миң сомду түзөт, анын ичинде: амбулатордук кызматтарды каржылоого – 3 801 189,2 миң сом, стационардык кызматтарга – 5 846 340,5 миң сом, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо программаларына – 816 829,1 миң сом багытталат.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду амбулатордук деңгээлде милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасын ишке ашырат, анын негизги принциби – дары-дармектердин кымбатчылыгынын бир бөлүгүн ММКнын каражаттары эсебинен жабуу, ал эми калган бөлүгүн бейтап өз алдынча төлөйт.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасынын негизги максаты — камсыздандырылган жарандарга медициналык кызматтарды биринчи деңгээлде эффективдүү жана сапаттуу көрсөтүүнү жогорулатуу болуп саналат.Ошондой эле, аталган кошумча программада төмөнкү негизги милдеттер белгиленген: камсыздандырылган жарандардын коопсуз, эффективдүү жана сапаттуу дары-дармектерге жеткиликтүүлүгүн камсыздоо; дары-дармектерди рационалдуу пайдаланууну камсыз кылуу; ресурстардын эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана оорулууларды дарылоодо басымды стационардык деңгээлден биринчи деңгээлдеги саламаттык сактоого буруу.

2027-жылга ММКнын Кошумча программасы боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуунун киши башына ченеми 164,44 сомду түзөт.

2027-жылы фармацевтикалык компаниялар жана дарыкана мекемелери менен 179 келишим түзүү пландалууда. 2026-жылы түзүлгөн келишимдердин негизинде жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо программасына 1086 дарыкана мекемеси жана дарыкана пункту катышууда.

Саламаттык сактоо тармагын колдоо жана өнүктүрүү максатында 2027-жылы ММК Фондунун бюджетинен саламаттык сактоо уюмдарынын материалдык-техникалык базасын жакшыртууга 237 000,0 миң сом багыттоо болжолдонууда.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 77-беренесинин 5-пунктуна ылайык, ФОМС бюджеттик укуктук мамилелер чөйрөсүндө финансылык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн милдеттүү медициналык камсыздандыруу программасы боюнча саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлгөн медициналык жана алдын алуу кызматтарды каржылоого багытталган жалпы каражаттардын жалпы көлөмүнөн кеминде бир айлык каржылоого барабар көлөмдө камсыздандыруу запасын түзөт.

Ошондуктан, мыйзам долбоору менен ММК фондунун бюджетинде Фонддун чыгашалык милдеттенмелерин аткаруу үчүн финансылык камсыз кылууда киреше бөлүгү жетишсиз болгон учурда, 2027-жылга карата камсыздандыруу запастарынын каражаттарын 699 942,0 миң сом көлөмүндө, 2028-жылга 739 594,9 миң сом көлөмүндө жана 2029-жылга 781 535,2 миң сом көлөмдө каражаттарды резервке алып коюу сунушталат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 10-январындагы № 4 «Бирдиктүү төлөөчү системасында бюджеттик эрежелерди жана жол-жоболорду жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтому менен бекитилген Камсыздандыруу запасын түзүүнүн жана пайдалануунун тартибине ылайык камсыздандыруу запасы деп милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү боюнча түшкөн каражаттардын эсебинен ММК фондунун бюджетинде финансы каражаттарын резервге алуу түшүнүлөт, алар жыл ичинде жаратылыш кырсыгы, кыйроолор, террордук актылар жана башка өзгөчө кырдаалдарга байланышкан милдеттүү медициналык камсыздандыруу программаларынын финансылык камсыздоосу менен кризистик кырдаалдар келип чыккан учурга, сот органдарынын чечимдери боюнча төлөп берүү зарыл болгондо, ошондой эле республикалык бюджеттен берилүүчү ассигнованиелер өз убагында бөлүнбөй, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бюджетинин кирешеси жетишсиз болгондо же милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча пландалган каражаттардын көлөмү түшпөй калган учурга резервге алынат.

ММК фондунун ишмердигин финансылык камсыздоого, ММК фондунун аппаратын жана анын аймактык башкармалыктарын каржылоого 2027-жылы 440 245,1 миң сом каралат.

ММК фондунун жана анын аймактык башкармалыктарынын административдик чыгашалары 2027-жылга төмөнкү чыгашалар топтору боюнча болжолдонууда:

- эмгек акыга – 339 295,2 миң сом;
- социалдык фондго чегерүүлөр – 44 066,1 миң сом;
- кызматтык иш сапарларга чыгымдар – 12 409,1 миң сом;
- байланыш кызматына – 770,8,0 миң сом;
- ижара акысы – 18 418,9 миң сом;
- транспорттук кызмат көрсөтүлөр – 5 197,7 миң сом;
- товарларды сатып алууга жана башка кызмат көрсөтүүлөргө – 3 757,7 миң сом;
- мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар – 5 103,7 миң сом;
- учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу – 3 455,9 миң сом;
- көмүрдү жана отундун башка түрлөрүн сатып алуу – 278,0 миң сом;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө – 2 225,0 миң сом.

- машиналар жана жабдуулар – 5 267,0 миң сом.

ММК фондунун 2027-жылга бюджетинде милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасын маалыматтык-коммуникациялык камсыздоого, анын ичинде финансылык башкаруу, дарыланып чыккан учурлар боюнча, маалыматтык базасын чыңдоого, медициналык кызматтардын сапатына экспертиза жүргүзүү боюнча, милдеттүү медициналык камсыздандыруунун алкагында камсыздандырылган жарандар боюнча ж.б. маалыматтык системаларын иштеп чыгуу, ишке киргизүү, коштоп жүрүү боюнча иш-чараларды каржылык камсыздоого 12 894,5 миң сом каралып жатат.

ММК фондунун 2027-жылга бюджети жана 2028-2029-жылдарга болжолунун долбоорун түзүү Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарына ылайык жана бюджеттин тең салмактуулук принцибин сактоо менен ишке ашырылды.

2027-жылдын башында каражаттардын калдыгы 2027-жылдын бюджетинде түзүлгөн камсыздандыруу запасынын каражаттарынын эсебинен 597 266,4 миң сом суммасында болжолдонууда.

## ММК фондунун 2027-2029-жылдарга ПРОГРАММАЛЫК БЮДЖЕТИ

Программалык бюджет Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетин пландоо, аткаруу жана көзөмөлдөө каражаты болуп эсептелет, ал конкреттүү программаларга бюджеттен бөлүнгөн каражаттар менен алар боюнча жетишилген жыйынтыктардын ортосундагы байланышты камсыз кылат.

ММК фондунун программалык бюджети Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга калктын ден соолугун сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча «Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө» программасынын стратегиялык максаттарынын негизинде, саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктарын жана күтүлүүчү жана акыркы натыйжалардын коом үчүн маанилүүлүгүн эске алуу менен иштелип чыккан.

Программалык бюджет бюджеттин саламаттык сактоо системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык максаттары жана ММК фондунун жана калкка медициналык жана башка кызматтарды көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарынын ишмердигинин жыйынтыктары менен бир кыйла тыгыз байланышын камсыз кылууга багытталган.

2027-2029-жылдары үй-бүлөлүк медицина институтун андан ары өнүктүрүүнү, медициналык кызмат көрсөтүүлөр системасын реструктуризациялоону, милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасынын шартында ишти өркүндөтүүнү, каржылоонун жаңы методдорун киргизүүнү, калктын муктаждыгына негизделген саламаттык

сактоо системасын өнүктүрүүнү, жалпы адамзаттык адилеттүүлүк принциптерин, бейтаптар үчүн каржылык кыйынчылыкты төмөндөтүүнү, медициналык жана профилактикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртууну өз ичине камтыган масштабдуу кайра курууларга багытталган реформалар улантылат.

«Саламаттык сактоо» секторунун негизги стратегиялык максаты – республиканын калкын милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен толук камтуу, кепилденген социалдык стандарттардын негизинде натыйжалуу,

комплекстүү, интеграцияланган саламаттык сактоонун кызмат көрсөтүүлөр системасын түзүү аркылуу калктын ден соолугунун абалын жакшыртуу, ошондой эле ар бир жарандын, үй-бүлөнүн, коомдун, мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын ар бир адамдын жана жалпы эле коомдун ден соолугу үчүн жоопкерчилигин жогорулатуу.

Күтүлүүчү натыйжалар 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында, 2019-2030-жылдарга калктын ден соолугун сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча «Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө» программасында, Туруктуу өнүктүрүү максаттарында белгиленген артыкчылыктарга жана максаттарга жетүүгө негизделген.

Аталган өнүктүрүү багыттары орто мөөнөттүү мезгилде артыкчылык катары каралат. Алардын негизинде ММК фонду өзүнүн бюджеттик чыгымдар программаларын түзөт.

ММК фондунун программалык бюджети төмөнкү 4 программаны өзүнө камтыйт:

1. Башкаруу жана администрациялоо.
2. Баштапкы медициналык-санитардык жардам кызматын көрсөтүү.
3. Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан стационардык деңгээлде кызмат көрсөтүү.
4. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасынын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу, саламаттык сактоо уюмдарын колдоо, өнүктүрүү жана дем берүү.

1-программа. Башкаруу жана администрациялоо.

Программанын максаты: ММК фондун Бирдиктүү төлөөчү катары институционалдык ролун күчөтүү. Бирдиктүү төлөөчү системасында башка программалардын ишке ашырылышына координациялык жана уюштуруучулук таасир этүү.

Орто мөөнөттүү мезгилде программаны ишке ашыруудан күтүлүүчү натыйжалар:

1) Камсыздандыруу чыгымдарына иш берүүчү да, жумушчу да катышкан системаны киргизүү.

2) Медициналык камсыздандыруунун бирдиктүү уюшулган финансылык моделин киргизүү.

3) Тилектештик принцибин сактоо.

4) Санариптештирүүнүн алкагында жүргүзүлгөн иштер тууралуу маалымат берүү форматын киргизүү.

ММК фонду  бул программанын алкагында 2 бюджеттик чараны аткарууну пландаштырууда:

- борбордук деңгээлде тармакты башкаруу жана администрациялоо – 139 026,00 миң сом;

- региондук деңгээлде администрациялоо – 314 113,6 миң сом;

Бул бюджеттик программаны ишке ашырууга жалпы 453 139,6 миң сом талап кылынат.

Бюджеттик чараларды ишке ашыруу төмөнкүлөрдү болжолдойт**:**

- базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасын түзүү жана бекемдөө;

- Бирдиктүү төлөөчү системасында аларды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарын консолидациялоо;

- мамлекеттик медициналык камсыздандыруу системасын Кыргыз Республикасынын жарандарына медициналык-санитардык жардам көрсөтүү боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасы менен интеграциялоо;

- медициналык кызматтардын түрлөрү боюнча бирдиктүү акы төлөө ченемдерин иштеп чыгуу жана бекитүү;

2-программа. Баштапкы медициналык-санитардык жардам кызматын көрсөтүү.

Программанын максаттары: Баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн деңгээлинде ооруну эрте аныктоо, диагностика, медициналык жана профилактикалык жардам көрсөтүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу.

Орто мөөнөттүү мезгилде программаны ишке ашыруудан күтүлүүчү натыйжалар жана 2027-жылы 2-программаны ишке ашырууга чыгымдар төмөнкүдөй белгиленет:

1) Республиканын калкынын шашылыш (тез) медициналык жардамга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу – 3 826 189,2 сом;

2) республиканын камсыздандырылган калкынын ММК боюнча жеңилдетилген дары-дармекке жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу – 816 829,1 миң сом

3) МКПнын көлөмүнөн тышкары калкка акы төлөнүүчү медициналык кызматтарды көрсөтүү – 326 086,1 миң сом.

Бул бюджеттик программаны ишке ашырууга жалпы 4 969 104,3 миң сом талап кылынат.

**3**-программа. Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан стационардык деңгээлде кызмат көрсөтүү

Программанын максаттары: МКПнын алкагында стационардык деңгээлде кепилденген медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу.

Орто мөөнөттүү мезгилде программаны ишке ашыруудан күтүлүүчү натыйжалар жана 2027-жылы 3-программаны ишке ашырууга чыгымдар төмөнкүдөй белгиленет:

1) МКПнын алкагында стационардык деңгээлде республиканын калкынын медициналык кызматтарга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу – 5 533 297,5 миң сом;

2) Стационардык деңгээлдеги саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлүүчү кургак учук менен күрөшүү боюнча медициналык жардамга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу – 23 013,1 миң сом;

3) Адистештирилген онкологиялык жана гематологиялык жардам көрсөтүүнүн деңгээлинде медициналык кызматтарга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу – 138 961,6 миң сом;

4) адистештирилген психиатриялык жардам көрсөтүүнүн деңгээлинде медициналык кызматтарга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу – 126 068,3 миң сом;

5) калкка МКПнын көлөмүнөн тышкары акы төлөнүүчү медициналык кызматтарды көрсөтүү – 682 781,5 миң сом.

Бул бюджеттик программаны ишке ашырууга жалпы 6 504 122,0 миң сом талап кылынат.

**4**-программа. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасынын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу, саламаттык сактоо уюмдарын колдоо, өнүктүрүү жана дем берүү.

Программанын максаттары: Менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдары тарабынан кеңири спектрдеги кызмат көрсөтүү аркылуу жарандардын канааттангандыгын жогорулатуу.

Орто мөөнөттүү мезгилде программаны ишке ашыруудан күтүлүүчү натыйжалар жана 2027-жылы 4-программаны ишке ашырууга чыгымдар төмөнкүдөй белгиленет:

1) саламаттык сактоо уюмдарынын каржылык туруктуулугун жана туура иштешин камсыз кылуу (камсыздандыруу запасын түзүү) – 699 942,0 миң сом;

2) саламаттык сактоо уюмдарын колдоо, өнүктүрүү жана материалдык -техникалык жабдуу менен камсыз кылуу – 237 000,0 миң сом.

Бул бюджеттик программаны ишке ашырууга жалпы 936 942,0 миң сом талап кылынат.

Стационардык деңгээлде саламаттык сактоо уюмдары тарабынан кызмат көрсөтүүлөр программасын ишке ашырууга олуттуу каражат талап кылынат – ММК фондунун жалпы бюджетинин 50,6 % жана баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү программасына – 38,6 %.

**2026-жылы ММК фондунун бюджетинин аткарылышы менен байланышкан ТОБОКЕЛДИКТЕР**

2027-жылы ММК фондунун бюджетинин аткарылышына таасирин тийгизүүчү тобокелдиктер үч негизги топко бөлүнөт:

- макроэкономикалык тобокелдиктер;
- укуктук тобокелдиктер;
- бюджет-салык тобокелдиктери.

Макроэкономикалык тобокелдиктерге экономиканын өсүү темпи, инфляциянын деңгээли жана Кыргыз Республикасын экономикалык өнүктүрүүнүн стратегиялык артыкчылыктарынын өзгөрүшү менен байланышкан тобокелдиктер кирет.

Укуктук тобокелдиктерге ММК фондунун бюджетинин кирешесин азайтууга алып келиши мүмкүн болгон, ошондой эле токтоосуз аткарууну талап кылуучу кошумча чыгымдар боюнча милдеттенмелердин келип чыгышы менен байланышкан ченемдик укуктук актылардын кабыл алынышы кирет.

Бюджет-салык тобокелдиктери биринчи кезектеги чыгымдарды каржылоого, анын ичинде Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун каржылоого каражаттардын жетишсиздигине, ошондой эле товарларды жеткирүүчүлөргө, жумуш, кызмат көрсөтүүчүлөргө мөөнөтү өтүп кеткен кредитордук карыздардын топтолушуна алып келиши мүмкүн болгон Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттерине каражаттардын келип түшүүсүнүн төмөндөшү менен байланышкан.

ММК фондунун бюджетин түзүү булактарынын негизги үлүшү ММК каражаттары болуп саналаарын эске алганда, ММК фондуна чегерилүүчү камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча каражаттардын түшпөй калуу коркунучу бар, алар Социалдык фонддун бюджетинде топтолот.

**Министр** **Д.А. Осмонов**